
# Көлдүн түсү неге көк?



Автор: Бакытжан Мырзатаева

Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

# Көлдүн түсү неге көк?

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Көлдүн түсү неге көк?" (кыргыз тилинде), автор Бакытжан Мырзатаева, сүрөтчү Айзуура Бакалова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Көлдүн түсү неге көк?
(Суроо берет деле көп)
Акмат бир аз энөөрөк.
Тимур менен Айсезим,
Түшүндүрдү экөөлөп.

– Табиятта түркүн түс
Түк жаралбайт бир Күнсүз.
Асан-Үсөн өңүндөй,
Нур болбосо сүйкүмсүз.

Көз көргөнгө каниет,
Көлдө мындай касиет,
Көйкөлгөн тынч абалда,
Көгүш нурга баш иет.



– Айткылачы, бачым! – дейт
Анан кээде жашыл, – дейт.
Жеңил эмес бул суроом,
Жетпейт такыр башым, –
дейт.

– Айтпадыкпы, эми эле
Алар алды жемеге.
Жаратылыш Күнү жок,
Жашай албайт деги эле.

Көл түбүндө көрүнбөй,
Тереңдиктен бөлүнбөй,
Тегиз жапкан балырлар
Тоонун жашыл чөбүндөй.

Өзүнө алып жашылды,
Өсүмдүктөр жашынды.
Уккан сайын Акматка,
Укмуш сырлар ачылды.



– Суу болсо да жаны бир,
Суроом даяр дагы бир,
Шаркыратма неге аппак?
Таба албайсың баары бир.

– Сапырылган тамчылар,
Таштан ташка жанчылар.
Арасында боштукта,
Аба түсүн алчулар.

– Оо-и-ий, кайдан билдиңер?
Кантип эске түйдүңөр?
Окумуштуудай ойлонгон,
Айткылачы, кимсиңер?



– Биз окуучу, сен сымал.
Бизге китеп, кен, тумар!
Көп окусаң билимиң,
Көккө боюң тең кылар.

Башын Акмат тырмады.
Бат-бат басты, чуркады.
Кирип үйгө текчеден,
Китепке кол сунганы.

Ойнойбуз деп турганы,
Досу колун булгады.
Ашык болуп китепке,
Ага назар бурбады.
Табышмагын суроонун
Тапкан сайын жыргады!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытжан Мырзатаева
Сүрөтчү: Айзуура Бакалова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли